КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ
ТОҢ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ТОНСКОГО АЙИЛЬНОГО АЙМАКА

Тоң айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын VIII сессиясы

**ТОКТОМ №19**

**24-март 2022-жыл** **Тоң айылы**

## Чөп чабынды жана кайрак жерлерин ижарага берүү жөнүндө

Тоң айыл аймагынын айылдык кенешинин жер жана турак жер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Жумашевдин маалыматын угуп жана талкуулап, Тоң айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Тоң айыл аймагындагы жер үлүш алуучуларга чөп чабынды жана кайрак айдоо жерден үлүштөрүн бөлүп берүү жөнүндөгү Тоң айылдык Кенешинин 25.02.2021-жылдагы №14 токтому жокко чыгарылсын.

2. Тоң айыл аймагынын Кажы-Саз айылынын чөп чабынды, Бел тилкесиндеги кайрак айдоо жерлер жалпы элдик жыйында талкуулоонун негизинде Тоң айыл өкмөтүнүн карамагында калтырылсын.

3. Кажы-Саз айылындагы чөп чабынды жерлеринен 2(эки) гектардан, бир гектарына 500 (беш жүз) сом өлчөмүндө бекитилип, ижарага берилсин, үлүш жер албагандарга жана түшүмдүүлүгү төмөн жер пайдалануучуларга жана социалдык абалдагы үй-бүлөлөргө артыкчылык каралсын.

4. Бел тилкесиндеги кайрак жерден 5(беш) гектардан жети жылдык мөөнөт менен 300(үч жүз) сом өлчөмүндө бекитилип, ижарага берилсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Тоң айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **Ж.Турдуев**
**Жооптуу катчы м.а** **Г.Мааданбекова**